УДК 82-1/-9

## ЖУНАЙ МАВЛЯНОВДУН АҢГЕМЕЛЕРИНДЕГИ АДЕП-АХЛАКТЫН МААНИСИ

Мамадинова Айчүрөк Алимбековна - К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин окутуучусу.
Наржигитова Ширин Апилбаевна К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин окутуучусу

**Аннотация.** Бул макалада белгилүү жазуучубуз Жунай Мавляновдун аңгемелериндеги адеп-ахлактын маанисине иликтөө жүргүзүүнү максат кылдык. Адеп-ахлак тууралсында айтылган окумуштуулардын ар кандай ойлору камтылды.Коом менен кошо адептүүлүк да өзгөрүп тураары жөнүнүндө баяндалды.Балдарды тарбиялоодо адептин ролу чоң. Чыгармалардын негизинде адам баласынын жашоосунда адеп-ахлактын орду канчалык деңгээлде жогору экендиги жөнүндө сөз болот.Балдарды келечекке, адамдык асыл сапаттарга тарбиялоодо нарктуу элибиз эзелтен бери пайдаланып келе жаткан макал-лакаптар, учкул сөздөр колдонулду. Азыркы учурда жан дүйнөнүн азыгы болгон баалуулуктардын төмөндөп баратканы байкалууда. Жашоодо билимден да адамдын адеби жогору турары далилденди.Кандай гана учур болбосун адам адамдык сапатын жоготпошу керек.

Адеп-ахлак темасын ачып берүү үчүн Жунай Мавляновдун аңгемелери изилдөөнүн материалы катары колдонулду.Автордун үч аңгемесинин айланасында сөз болду.
**Ачкыч сөздөр**: адеп-ахлак, сюжет, каарман, аңгеме, макал-лакап, коом.

## ЗНАЧЕНИЕ НРАВСТВЕННОСТИ В РАССКАЗАХ ДЖУНАЯ МАВЛЯНОВА

Мамадинова Айчүрөк Алимбековна - преподаватель международного университета имени К.Ш.Токтомаматова
Наржигитова Ширин Апилбаевна - преподаватель международного университета имени К.Ш.Токтомаматова

**Аннотация.**В этой статье мы поставили перед собой задачу исследовать значение морали в рассказах нашего известного писателя Джуная Мавлянова. Были включены различные мнения ученых о морали. Было объяснено, что мораль также меняется вместе с обществом. Мораль играет большую роль в воспитании детей. На основе произведений мы поговорим о значении нравственности в жизни человека. В воспитании детей для будущего и благородных человеческих качеств использовались пословицы и поговорки, которые с незапамятных времен использовались нашим драгоценным народом использовал. В настоящее время наблюдается снижение ценностей, которые являются пищей души.Рассказы Джуная Мавлянова послужили исследовательским материалом для раскрытия темы нравственности.
**Ключевые слова**:мораль, сюжет, персонаж, рассказ, пословица, общество.

## THE MEANING OF MORALITY IN THE STORIES OF JUNAY MAVLANOV

Mamadinova Aychurek Alimdekovna - teacher of the International university named after K.Sh.Toktomamatova
Narzhigitova Shirin Apilbaevna - teacher of the International university named after K.Sh.Toktomamatova

**Abstract**. In this article, we set ourselves the task of exploring the meaning of morality in the stories of our famous writer Junai Mavlyanov. Various scholarly opinions on morality were included. It was explained that morality also changes with society. Morality plays a big role in raising children.

Based on the works, we will talk about the meaning of morality in human life. In educating children for the future and noble human qualities, proverbs and sayings have been used since time immemorial by our precious people used. Currentle, there is a decline in values,which are the food of the soul. The stories of Junai Mavlyanov served as research material for exploring the topic of morality.
**Key words**: moralite, plot, character, story, proverd, society

## Киришүү

Эзелтен эле элибизде ыйман менен адепти куштун эки канатындай ажырагыс түшүнүп келишкен. Ыймандуу адамды адеби жакшы экен деп, адептүү адамды ыймандуу турбайбы деп айтышкан. Чындыгында бул экөө бири-бири менен тыгыз байланышта. Ыймандуулук адамдын кадыр-баркын жогорулата турган сапат. Ыйманы бар адам гана ак-караны ажыратып, жакшы менен жаманды талдай алат. Ошол себептүү Касиеттүү Куранда Алла Таала пенделерине кайсы бир ишти буйруганда же кайсы бир иштен тыйганда алгач*: “Оо, ыймандуулар”* деп кайрылып, анан *:“Алладан коркуп, чынчыл инсандар менен бирге болгула!”* деген сыяктуу буйругун же тыюусун айткан. Ыйманы бекем адам адеп-ахлактуу болот, Ал эми адеби жок адамдын ыйманы да алсыз болот. Адамды айбандан айырмалап туруучу асыл сапаттар бар. Ансыз адам адам болбой калары чын.Адамдын адамгерчилиги да ушул сапаттар менен өлчөнөт. Бул сапаттарга сугарылган адамды адамгерчиликтүү, адеп-ахлактуу, мүнөзү көркөм деп айтышат.[3]

Адеп-адамдардын коомдогу жана жеке турмушундагы бири-бири менен, коом менен мамилелеринин жана жүрүш-туруш нормаларынын тарыхый жыйындысы.Адептүүлүк адамдардын жеке мамилелерине,коомго жасаган мамилелерине, бири-бири менен жана коом менен карым-катышына жакшылык-жамандык,абийирдүүлүк-учятсыздык, айкөлдүк-каранииеттик деген түшүнүктөрдүн негизинде баа берет. Коом адеп-ахлак нормаларын иштеп чыгат жана коргойт. Ага илим, дин,саясат, философия,юриспруденция, көркөм өнөр өңдүү аң сезимдер да өз таасирин тийгизет.

*“Адамдын адеби анын өзүнө гана тиешелүү кайсы бир мүнөз эмес, анын адеби коомго олуттуу таасирин тийгизе турган жалаң гана жакшы сапаттар болууга тийиш. Адамдагы жакшы сапаттардын ар биринин артыкчылыгы эки дүйнөдө пайдасын берет”*.[ 3, с. 19 ]

*“Адамдын денеси убактылуу, рух- түбөлүктүү. Ким эгерде рухуна кам көрсө, ал инсан бактылуулуктун даамын сезет. Дене кын сыяктуу болсо, рух-кылыч. Кын канчалык кооз болгону менен кылыч курч болбосо, анын жашоодо, согушта пайдсы жок”*(Нуржигит Кадырбеков).

И.Канттын пикири боюнча, *Адеп-ахлактуулуктуу сезим «жалпы эрктен белгилүү бир деңгээлде көз каранды жеке эрк» болуп эсептелет. Адеп-ахлактуулуктун маңызы этиканын предмети болуп саналат.*

Адам баласы адептүүлүк сапатыбыз жана акыл-эсибиз бар үчүн жашоодо ийгилик жаратып, туура жолго багыт алат экенбиз да. Жараткан Кудай бизди жан-жаныбарлардан айырмалап, акыл-эс, адептүүлүк берген тура. Адеп-ахлактын ичине: салам берүү, улууга урмат, кичүүгө ызат көрсөтүү, кечиримдүү болуу, бирөөгө жакшылык каалоо, жеңилин жерден, оорун колдон алып жардам берүү, бирөөнүн көңүлүн көтөрүү, насаат айтса уга билүү, карынын кебин капка салуу, чындыкты сүйлөө, намыстуулук жана башка асыл сапаттар кирет. Адеп -ахлак -бул адамдын жан дүйнөсүндөгү байлыгы, кичинекей кезинен бери калыптанып келе жаткан тарбиясынын натыйжасы.

*Адеп-ахлак тарыхый мүнөзгө ээ.Түрдүү тарыхый кырдаалга жараша өзгөрүүгө учурап турат.Ошондой эле адептүүлүк таптык мүнөзгө да ээ.Бардык мезгил үчүн, бардык элдер үчүн бирдей өзгөрбөгөн адеп нормасы болууга мүмкүн эмес.(Ф.Энгельс)*

*Немис социал-демократы А.Бебель “Социализм и женщина”деген китебинде: “Адеп жөнүндөгү түшүнүк дин сыяктуу эле,элдин социалдык абалына жараша болот. Каннибал адамды адам жегенин адептүү көрүнүш деп эле эсептеген, гректер менен римдиктер кулчулукту деле ошондой деп эсептешкен, азыркы капиталистерге жалданма эмгек, аял менен балдарды экцплуатациялоо да өтө эле адептүү сезилет..:”-деп жазган.*[*4, с.67-68*] Демек, коом өзгөрүп, адамдардын коомдогу мамилелери, социалдык абалы алмашкан сайын адептүүлүктүн да нормалары да өзгөрүүгө дуушар болуп турат.Буга мисал катары айта турган болсок, учурда эркек балдардын арасында сакал коюу дээрлик басымдуулук кылып кетти. Ооба, бул пайгамбарыбыз Мухаммад (САВ)дын сүннөтү. Бирок, мурда атасынын көзү тирүү турганда баласы сакал койбогон экен, бул да адептүүлүк болуп эсептелген. Ошондой эле ата-эненин көзүнчө балдарын кучактап эркелете да алышчу эмес. *“Азыркы жаштарга таң каласың, мындан башкада бала жок сымал, эч кимди көзгө илбей баласын өөп, жыттап эркелете берет, уялбайт”*-деген улуу муундун сөздөрүн угуп калабыз. Ырас, коом менен кошо адеп-ахлактын да өзгөрүп турарына ынандык.

Биздин нафсибиз бул жашоонун жыргалчылыгын каалап турган убакта өзүбүздү өзүбүз башкаруубуз зарыл,себеби адеп -ахлакты сактоо менен өмүрүбүз берекелүү,жашообуз кооз, күнүмдүк турмушубуз да ырааттуу болот.Ар бир нерсенин,ар бир сөздүн,ар бир иштин өзүнүн адеби бар. Адам канчалык күчтүү,бай болсо да, анысына таянбай, адеп -ахлактын мыйзамдарына баш ийүүсү керек. Себеби инсан -адеби менен инсан, ахлагы менен инсан!Айрыкча адамгерчиликти туу туткан кыргыз элибиз буга чоң маани берип келген.

### *Изилдөөнүн материалдары жана усулдары*

Кеп көркү-тил,
Ойдун көркү-сөз болот.
Кишиде - жүз,

Жүздүн көркү-көз болот деп улуу ойчул, акын, саясат таануучу, мамлекеттик ишмер Жусуп Баласагын айтып кеткендей, сөздүн гүлүн терип ыр жазган, ой көркү менен аңгеме, повесть, роман жараткан кыргыз элинин белгилүү инсаны, чебер калемгер, акын, жазуучу, Жунай Мавлянов азыр арабызда болгондо туптуура жүз жаштын жүзүн көрмөк экен. Тагдырдын табышмактуу сыры, сыйкырдуу күчү кайсы тарапка айдаса, ал багытка каршы чыгууга пенденин алы жетпес. Кыргыз эл жазуучусу, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими Жунай Мавлянов 1923-жылы 23-октябрда Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Кош-Дөбө айылында туулган. Ал Жалал-Абад педагогикалык окуу жайын, мугалимдер институтун, Кыргыз Мамлекеттик университетин аяктаган.1942-1944-жылдары Улуу Ата-Менкендик согушка катышкан.“Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин”- деп көрөгөч,даанышманыбыз Аалы Токомбаев айтып кеткендей, көзү өтүп кетсе да, калтырып кеткен эмгектеринен улам Жунай Мавляновду эскерип отурабыз. Элдик талантка көрсөтүлгөн бул урмат, бул кадырлоо-ошол талантты жараткан бүткүл элди кадырлоо болуп эсептелет.

Калемгер эң алгач чыгармачылыгын 1948-жылы ыр жазуудан баштаган.1960-жылы “Жүрөк” аттуу алгачкы ырлар жыйнагы жарык көргөн. “Аркыт гүлдөрү”, “Мөлтүр булак”аттуу ырлар жана поэмалар жыйнактарында туулган жер, сүйүү, эмгек, достук темасына басым жасаган. Кийин биротоло кара сөз жазууга өтүп, согуштан кайткан жоокердин жекече трагедиясын баяндаган “Бекиш,сага эмне болду?”, “Күтүү”, “Менин

күндөлүгүм”, “Чагылган”, “Нан”, “Турмуш”, “Эне”, “Мен жана айылдаштарым” сыяктуу аңгеме, повесттери, “Ачык асман”, “Бийиктик”, “Кайрымсыз жылдар”, “Жаңы таң” романдары жарык көргөн. Ошондой эле бул романдары жана башка аңгеме, повесттери украин, беларус, татар, француз, немец, англис тилдерине которулган. Жунай Мавлянов 1-даражадагы Ата-Мекендик Согуш, Эмгек Кызыл Туу, Ардак белгиси ордендери жана Улуу Ата-Мекендик согуштагы каарман эмгеги үчүн “Даңк” медалдары, 2-даражадагы “Манас” ордени менен сыйланган.

Жазуучунун чыгармаларынын сюжетин окуп жатып, адеп-ахлактын маанисине сүңгүп киресиң. Мамлекеттин кичинекей бирдиги болгон үй-бүлөдөгү адеп-ахлак, бала-тарбиялоонун адеби, коомго жана жаратылышка, мекенге, эмгектенүүгө, улуу муундагы адамдарга карата болгон адеп-ахлак камтылганы талашсыз.

Биз адегенде агайдын “Нан”деген аңгемесине токтолууну туура көрдүк.. Элибизде *“Куттуу үйдөн куру чыкпа”, “Нан болсо-ыр да болот”* деген нанга байланышкан көптөгөн макалдар, учкул сөздөр бар.Биздин жашоо нан менен тыгыз байланышта. Нанды даярдоо үчүн канчалаган адамдардын мээнеттери керектелет. *“Эмгегиң катуу болсо-тапканың таттуу болот”* демекчи, эмгек кылуудагы адамдардын адеп-ахлагы, кулк-мүнөзү сыналат. Чыгармада энеси согушка бараткан балдарына нан тиштетип, кайра аман-эсен келип ушул үйдөн даам сызгыла, аман келгиле деген мааниде ырымдап койгон эле.

*“Жаныбек азыр бооруна кысып турган нандын четинен үч жери кетилген. Анын экөө улуу агаларынын тиши тийген жер, үчүнчүсү өзүнүкү. Бул нанды Бүбүш апа өзү жаап, өз колу менен биринчи жолу тун баласы Сарымсак кан майданга жөнөп жатканда ат жалына сунган. “Четинен тиштеп кой, балам, ылайым насибиң өз үйүңөн буйрусун”. Ушул тилек менен экинчи уулу Асылбекти, кийинчерээк Жаныбегин атказган. Жок, эненин тилегиндей болбой калды. Ал тилек кылгандай, Сарымсак менен Асылбек кайрылып келип, эне колу сунган алиги нандан тиштебей калышты. Урушка жетпей, кенже баласы Жаныбек гана кайрылып, бул үйдөн кайра даам татты. Бирок аны эне көрбөй калды. Жеңиш жылын төрт жыл бою күтүп, жол тиктеген анын көзү түбөлүккө жумулган болчу”.* [1] Бул аңгемеде жазуучу турмуштук бир кичинекей көрүнүшкө адептик мамиле берип чечмелей алган. Согуштан кийинки жылдарда айыл жеринде болгон өзгөрүштөр, өзгөчө жаңы үй куруу, адамдын маданияттуу жаңыча жашоого умтулуусу көркөм чечмеленген. Нанга болгон сый-урмат, каада салт да көрсөтүлгөн. Бир кездерде элди суктантып, улам кызыгып келип көрүп кеткен үй мезгил өтүп, жыл алмашып, эскилиги жетип калган кезде терс көз караш менен сөздөр айтылса да, Жаныбек ага терикпей, адептүүлүгүн көрсөтүп,аларга жөн гана жакшы сөздөрдү айтып жылмайып жооп берет. Бул жерде эненин үй-бүлөдө балдарды туура тарбиялап, адеп-ахлактуу болууга үндөгөнү көрүнүп турат.

*“Балам, биздикине кайрылып өт. Тиги кыраандагы үч үйдүн бири меники. Багымдат намазынан кийин эле кышкы күрпөң козуларымдын бирин союп, чып-чыргасына чейин казанга салып койгом. Бышайын деп калды.Жеп кеткиле. Биринчи жолуккан жолоочуну, эгер жаш болсо алып келем дегенмин байбичеме. Себебин үйгө барып, дастарконго отурганыңдан кийин айтып берем”.*

*-Козунун этин жеп сайрандоочулардан эмеспиз биз. Көзүңү ачпайсыңбы, чал.Ким менен сүйлөшүп атасың?-деп сенсиредим. Анан аттын башын буруп, жолго түштүм.*
*“Балам, анда бир азга токточу. Айта турган кебимди айта салайын”-деген бойдон тиги киши жол боюнда кала берди.* [1, с. 6-7] Бул чыгармада байбичеси экөө балалуу болбой калган Калдар деген аксакал жөнүндө сөз болот. Жашы бир топко барып, карылыкка моюн сунуп

калган кезде байбичеси экөө макулдашып, биринчи жолуккан жолоочуну үйгө алып келип сыйлап, козунун этине тойгузуп, жыйган -терген байлыкты, үй-жайды ошол адамга өткөрүп берели. Бизге бала болуп берсе эле болду, ата-энесине да бала болсун, бизге да бала болсун деген жакшы ойдо жолго чыгып,Сейталы деген сот кызматында иштеген жигитти жолуктурат. Абышканын оюна каршы болуп, жолун улантып кетип калганына карабай, артынан ээрчип ишканасына да барат. Төрага менен сүйлөшүп,өзү жалгыз барбаса, каалаган кишини ээрчитип баруусун суранат. Сейталы кесир сүйлөп, “баласыздарга бала болуп бергидей мурдагы жетимдерден эмесмин. Мага бир эле ата-эне жетет, башканын кереги жок”-деп барбай тургандыгын билдирет. Көзүнөн жаш куюлуп, абышка жолун улайт. Сейталынын турмуш жолу да түз болбойт. Ишинен алынат, жашоодо балалуу болбойт.Өкүнөт, ошол аксакалдын кабырын зыярат кылып,куран окуп багыштап, кечирим сурайт. Бирок баары кеч болуп калган болчу. *“Куш уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат”*дегендей, адеп башаты үй-бүлөдөн башталат. Ата-эне балага кандай тарбия берсе, бир өмүр ошондой азык болот. Демек, бала тарбиялоодогу адеп-ахлак туруктуу болгондо Сейталы да жумушун биринчи орунга койбой, аксакалды сыйлап, анын назарынан калбай, ак батасын алмак. Бере турган бардык мүлктөрүнө да ээ болуп,ырыскысы көбөймөк.Эң негизгиси жашоодо тайгак жолго кезикпей, бактылуу өмүр кечирмек.Ушул жерде бир ой келди, “кайтар дүйнө”деген закон өзгөрбөйт экен.Бирөөгө жакшылык же жамандык кылгын болсоң, ал сөзсүз кайтат. Бул аңгемеде “Карынын кебин капка сал” демекчи, тескерисинче, карылардын алкышын алууну билбеген, улууну сыйлай албаган, адеп-ахлактын алсыздыгы сүрөттөлөт. Балдарды тарбиялоодо улууларды урматтоо, аларга жол бошотуу, оор жүгү болсо көтөрүшүү, тике карап сүйлөбөө, каяша айтпоо деген сыяктуу насааттарды айтуу менен кулк-мүнөзүн, адеп-ахлагын оңдообуз абзел. Адепсиздиктен бирөөнүн көңүлүн оорутуп коюу оңой. Нарктуу элибизде *“Нанды чоң тиштесең да, сөздү чоң сүйлөбө”, Буттан жыгылган турат, ооздон жыгылган турбайт”, “Тилдин сөөгү жок, бирок сөөктү сындырат”* деген таамай айтылган макал-лакаптар, учкул сөздөр бар. Бул улуу сөздөрдүн маанисине жетип, туура пайдалансак, жашоодо кем болбойбуз.

**Талкуулар жана жыйынтык**

*Даанышман Калыгул акын айткандай: “Кыздан кылык, уулдан уят кетти”. Антпесе, кайсы замандагы кыргыздын кары-жаштары, аял-эркеги маңдай-тескей отуруп алышып, стакан кагыштыра арак-шарап ичишкен эле? Бул ичкилик аксакалдарыбыздын жүзүнөн наарын, жүрөктөрүнөн ата-энелик мээрин бөксөртүп, улан-кыздарыбыздын беттеринен нурун, көздөрүнөн жаштык отун өчүрүп, аң-сезимдеринен улууларга болгон сый-урматты өксүтүп таштаганын да кечигип байкап отурбайбызбы? Башкаларды сыйламак турсун, айрым балдар жана кыздарыбыз өздөрүнүн ата-энелерин алардын белдеринен кубат, билектеринен күч кеткен кезде бөкчөндөтүп жетелеп барышып “Карыптар үйүнө” тапшырып жатышканын да көрдүк го.* [2, с.486] Бул жерде автор “коомдо туруп, коомдон сырткары болуу мүмкүн эсес” дегендей, коомдогу болуп жаткан терс көрүнүштөрдү өз көзү менен көрүп, ачуу-таттуусун жоон териси менен сезип, жаны кейип жазгандыгы даана көрүнүп турат. Чынында эле, булар биздин менталитетибизге тура келбеген жоруктар.Адеп-ахлак дайра сыяктуу болгону менен, андан кол жууп калгандар да четтен саналат.Болбосо, “балам, ботом”деп эркелетип, жебегенди жегизип, кийбегенди кийгизип чоңойтуп, оң кол, сол колун таанытып, эрезеге жеткирген кезде ата-энесин сызга отургузуп кетишет беле? Адеп-ахлактын жоктугунан ушул жоруктарды жасап жатышат да.

Ар бир эстүү жан адеп-ахлакты жан дүйнөсүнө сиңирип, аны менен жуурулушуп бир бүтүнгө келүүсү абзел. Адамзаттын жашоосунда адеп-ахлак чалкып жаткан дайра сыяктуу

туюлат.Бирок ушул жакшы сапаттан кол жууп, куру калгандар да жок эмес. Буга чейин айтып жүргөнбүз, илим-билим болсо, дүйнөнү дүңгүрөтөбүз деп. Бирок адеп, ыйманы болбосо, баары бекер.Адамда эки негиз, адамдык негиз жана айбандык негиз болот. Эгер адеп-ахлагы болбосо айбандык негизге түшүп калат. Бирөөнү ыйлаткандан, бирөөнүн акысына кирип калуудан, бирөөгө зомбулук көрсөтүүдөн, өз кызыкчылыгы үчүн башка бирөөнүн жанын кыйгандан да баш тартпай калат

**Корутунду**

Сөзүбүздүн аягында бул макаланы адеп-ахлак тууралуу айтып кеткен ыраматылык Чубак ажы Жалиловдун сөзү менен жыйынтыктагыбыз келди.

Адеп-ахлакта үч нерсе толук сакталышы керек. Алар сөз, пейил жана ыклас. Эгерде сөз менен адеп-ахлак боло турган болсо, биздин сөзүбүзгө ишибиз дал келиш керек. Пейил, кулк мүнөз менен адеп-ахлак боло турган болсо, анда иш-аракет менен дал келүүсү абзел. Ал эми үчүнчүсү ыклас туура ниетте болуш керек. Адамдарга жагынуу үчүн, же болбосо киши көрсүн үчүн эмес, Кудайдын ыраазылыгын табуу, жакшы ыклас биздин жүрөгүбүздө болуш керек. Мына ошондо биз чыныгы адептүү инсан боло алабыз. (Чубак ажы Жалилов)

**Колдонулган адабияттар:**

1. Мавлянов Ж. “Аваз” Б.: Кыргызстан, 1994-ж.
2. Мавлянов Ж. “Кайрымсыз жылдар” Б.: Кыргызстан, 1994-184 б.
3. Нарматов А.”Адам адеби” 2017-212 б.
4. Бекембай Апыш “Тарбия назарияты” Ош-1996-136 б.
5. Эл агартуу №3 2003
6. Байгазиев С. Айкөл Манастын адеп-ахлак кодекси
7. Кошалиев К. “Аруулук ааламды сактайт”
8. Философия: энциклопедиялык окуу куралы/Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.-Б.: 2004,ISBN9967-14-020-8